# Таразачы кенгурунун сабагы




Автор: Гүлдана Баргыбай

Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

# Таразачы кенгурунун сабагы

Автор: Гүлдана Баргыбай
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Таразачы кенгурунун сабагы» (кыргыз тилинде), автор Гүлдана Баргыбай,
сүрөтчү Таттыбубу Ырысбай

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Токойго таразачы Кенгуру келди. Ал ар түрдүү көлөмдөгү таразаларды машинесинен түшүрүп, жерге тизди. Анан катуу сүйлөгүчтү колуна алып:

– Урматтуу токойдун тургундары! Таразага түшүп, салмагыңыздарды билип кетиңиздер! Тараза, тараза! – деп жар сала баштады.

Аюу, пил, түлкү, үкү, аары, кумурска таразачынын чакырыгын угуп, анын жанына топтолуп калышты. Түлкү эң чоң таразанын үстүнө секирип чыгып, оонап көрдү.

– Эмне мынча катуу, эмнеге муздак? – деди.

Аюу эки таразанын ортосунда турган кичинерээк таразаны чеңгээли менен акырын түртүп көрдү.

– Бул эмне? – деди Аюу күрүлдөгөн бийик үнү менен.

Кенгуру бул токойдогу жаныбарлар таразаны өмүрүндө биринчи жолу көрүп жатышканын түшүндү.

– Бул тараза. Аны менен ар кандай нерселердин салмагы өлчөнөт, – деп таразаны таанышта баштады Кенгуру.

Ал эң кичинекей таразага колун жаңсады:

– Бул таразада 10 миллиграммдан 500 граммга, чоңураагында, 40 килограммга чейинки салмак өлчөнөт. Эң чоң таразада болсо 3 тоннага чейинки нерселердин салмагын өлчөсө болот.

– Тонна деген эмне? – деди Түлкү таң калган үн менен.

Пил, Үкү, Аары да жарыша сурашты.

– Килограмм деген эмне?

– Грамм деген эмне?

– Миллиграмм деген эмне?

– Алардын баары салмактын чен бирдиктери, – деп жооп берди таразачы Кенгуру. Ал жерде жаткан ташты колуна алып, кичинекей таразага койду.

– Бул таштын салмагы 20 грамм экен. Грамм – килограммдан кичине болгон салмактын чен бирдиги. 1 грамм 1 килограммдан миң эсе жеңил.

– 1 килограмм 1000 граммга барабарбы? – деди Үкү.


– Туптуура.


Кенгуру ташты таразадан алып жерге таштады да:

– Аары мырза, ушул таразага консоңуз, салмагыңызды өлчөйүн, – деди.

Аары таштын ордуна келип конду.

– Сиздин салмагыңыз 100 миллиграмм эле экен. Миллиграмм граммдан кичине болгон салмактын чен бирдиги. 1 грамм 1000 миллиграммга барабар, – деди Кенгуру.





Анан ал Пилге кайрылды:

– Пил айым, сиз таразанын эң чоңуна түшсөңүз.

Пил таразанын үстүнө этияттап чыкты. Кенгуру таразанын мониторун карап:

– Сиздин салмагыңыз 2 тонна экен. Тонна – килограммдан чоң болгон салмактын чен бирдиги, – деди.

– 1 тонна 1000 килограммга барабар окшойт, – деди Үкү.

– Дал ошондой, – деди Кенгуру.

– Достор, сандардан башым айланып кетти. Үйүмө кеттим, – деди Кумурска тажаган үн менен.

– Кумурска мырза, сиз таразага түшүп, салмагыңызды билгиңиз келбейби? – деди Кенгуру таң калып.

– Салмакты билгендин кандай пайдасы бар? – деди Кумурска жактырбаган үн менен.

– Салмакты билген абдан пайдалуу да. Мисалы, ооруп калганда, кээ бир дарыларды салмагыңызга жараша өлчөп ичишиңиз керек. Ошондо дары таасирдүү болот, – деп түшүндүрө баштады Кенгуру.

Дал ушул убакта дарактардын биринен Маймыл секирип түштү.

– Саламатсызбы, таразачы Кенгуру. Кечиресиз, сөзүңүздү бөлүп жибердим. Мен ушул токойдогу дүкөнчү болом. Бардык сөздөрдү уктум. Эгер мен таразаны дүкөндө колдонсом, токойдун тургундарына пайдалуу болот, – деп шашыла сүйлөдү Маймыл.

– Туура, дүкөндөрдө товарлардын салмагы таразада өлчөнсө, соода-сатык так, адилеттүү болот, – деди Кенгуру.

– Ашыкча таразаңыз болсо, мага сатыңызчы. Кымбат баага сатып алам.


– Дүкөнчү Маймыл, машинемде ашыкча тараза бар. Бирок аны сатпайм, бир шарт менен бекер эле берем. Эртең мага келип, салмакты ченөөнү толук үйрөнүп кетиңиз. Ошондо гана таразаны ала аласыз, – деп чечкиндүү айтты Кенгуру.

Сабыры жок Маймылдын маанайы түшүп калды.

– Мен бүгүн эле баарын үйрөнүп алдым. Башка сабактын мага кереги жок, – деп ал ызаланган боюнча даракка чыгып кетти.

Кенгуру таразада күтүп отурган Кумурсканын салмагын өлчөй баштады. Дүкөнчү Маймыл Кенгурунун машинесиндеги таразаны билгизбей алып, анын ордуна көп акчаны таштап кетип калды.





Ал күнү таразачы Кенгуру машинедеги таразанын жоголуп кеткенин байкаган жок. Эртеси кечке чейин дүкөнчүнү күттү. Кенгуру ашыкча таразасын алып, Маймылдын дүкөнүнө баруунy чечти. Бирок ал таразаны издеп таппай калды. Анын ордунда турган акчаларды көрүп, таразаны дүкөнчү Маймыл алып кеткенин түшүндү.

Таразачы Кенгуру Маймылдын дүкөнүнө жакындаганда наарazы үндөр угулду.

– Арканды мурдагыдай карыштап эле сатчы, – деди кардардын бири.

– Сүттү мурдагыдай эле чоң, кичине кеселерге өлчөп сатсаң боло, – деди экинчиси.

– Таразага тартсам бардык нерсе так, адилеттүү болот, – деп таразаны мактап жатты Маймыл.

– Таразаң менен башыбызды айланттың, эч нерсе албайбыз, – деп кардарлар дүкөндөн чыгып кетишти.

Маймыл бушайман болуп отуруп калды.

– Жипти, сүттү таразада өлчөсө болбойт. Бүгүн мага келсеңиз, ушуларды үйрөнмөксүз, – деди Кенгуру дүкөнгө кирип.

Маймыл уялып кетти.

– Мен бардык нерсени таразада тартып сатса болот деп ойлопмун. Таразаңызды уруксатсыз алдым эле, кечирип коюңуз, – деди шашкалактап.

Кенгуру сумкасынан Маймылдын акчасын алып чыгып, анын алдына койду.

– Тараза сизде кала берсин. Бирок эртең сөзсүз келиңиз. Узундуктун, суюк нерсенин кантип өлчөнөрүн үйрөтөм.

– Сөзсүз барам, – деди Маймыл кубанган үн менен…



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Гүлдана Баргыбай
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- **3.1 деңгээли**
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли